## Тема: Христиан динин пайда болушу жана өнүгүшү

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**:<br>***Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучулар төмөнкүлөрдү аткарса:*** |
|---|---|
| **Билим берүүчү максаты:** Окуучулар христиан дининин тарыхый жаралышы жана негиздөөчүсү Иисус Христос жөнүндө билимге ээ болушат. | ➢ Христиан дини келип чыккан мезгилин жана ал жаралган аймак жөнүндө айтып беришсе<br>➢ Иисус Христостун жашоо образын сүрөттөй алышса |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Окуучулар христиан дининин өнүгүшү чиркөөлөрдүн кубаттанышын талкуулашат. Католик, православ жана протестант багыттарынын бөлүнүп чыгышын анализдешет. | ➢ Христиан динин негизги идеасын айтып бере алса<br>➢ Христиан чиркөөлөрүнүн ишмердүүлүгүн баяндашса<br>➢ Католик жана православ диндерине түшүндүрмө беришсе |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** окуучулардын христиан дини жана анын окуусунун жакшы жактарын алуу менен ага болгон сый урматы жана сабырдуу мамилеси калыптанат. | ➢ Адамзаттын жашоосундагы христиан дини жана анын окуусунун ролун ачып беришсе<br>➢ Ар бир элдин динине урмат сый менен мамиле кылуу керектигин башкаларга түшүндүрө алышса. |

**Сабактын тиби**: жаңы материалды өздөштүрүү

**Колдонулуучу интерактивдүү усулдар:** «Мээ чабуулу» , «Суроо-жооптор», ИНСЕРТ, топтук иш

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, таркатылуучу материалдар, ватман, маркер, баалоо барагы

**Сабакта калыптануучу компетенттүүлүктөр:**

***Негизги компетенттүүлүктөр:***

*а) маалыматтык компетенттүүлүк:*Маалыматты колдоно алат. Жетишпеген маалыматты максаттуу түрдө издөө, анын айрым бөлүктөрүн салыштырат жана анын үстүндө иш жүргүзө алат.

*б) Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:*

Диалог аркылуу зарыл маалыматты алууга, жекече, коомдук жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн аны оозеки жана жазуу түрүндө билдирет.

*в) Өз ишин уюштуруу жана маселе чече билүү компетенттүүлүгү:*

Өз алдынча же башкалар менен биргеликте ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен маселелерди чечет, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алат.

**Сабактын жүрүшү**

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Убактысы |
|---|---|---|---|
| **Уюштуруу учуру.** | Мугалимдин окуучулар менен саламдашуусу жана окуучулардын сабакка даярдыгына көз салуу.<br>Мугалим окуучулардан өткөн теманы кайталоо жана үй тапшырманы суроого өтөт. | Саламдашуу жана окуучулар сабакка даяр экендигин билдиришет. Окуучулар өткөн сабактын темасын айтып беришет жана үй тапшырмасын даярдашат. | **2 мин** |
| **Өтүлгөн темага кайрылуу, үй тапшырмасын суроо.** | Мугалим өтүлгөн теманы кайталоо максатында үй тапшырмаларын суроодон баштайт:<br>**Тапшырма суроо**<br>Слайд түзүп келген балдар болсо мугалим презентациялоого чакырат.<br>Мугалим өтүлгөн теманы жыйынтыктоо менен окуучулардын көңүлүн жаңы темага бурат. | Окуучулар үй тапшырмаларын даярдашат. Мугалимдин суроолоруна жооп беришет.<br><br>Өтүлгөн тема боюнча маалымат булактары, интернетти пайдаланып слайд түзүп келген балдар презентациялашат. | **6 мин** |
| **Окуучуларды мотивациялоо “Мээге чабуул ыкмасы”. Маалыматты толук өздөштүрүү.** | Урматтуу окуучулар биз бүгүн дүйнөлүк диндердин бири болгон Христиан дини боюнча сүйлөшөбүз. Азыр силер христан дегенде эмнени түшүнөсүңөр. Түйгөйлөшүп билгениңерди бир-бириңерге айткыла. *(темага чакыруу)*<br>Мугалим белгиленген убакыттан кийин суроого өтөт.<br>Мугалим азаматсыңар балдар, ооба бүгүнкү өтө турган темабыз, дүйнөлүк диндердин бири Христиан дини жөнүндө. | Окуучулар өз ара христиан дини боюнча кандай маалыматка ээ экендигин мугалимге билдирүүгө даярдык көрүшөт.<br><br>Окуучулар мисалы: Христан дүйнөлүк дин. Христиан динин карманган дүйнө элдери жана Кыргызстандагы абал боюнча маалымат бериши мүмкүн. | **5 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжа.** | Мугалим слайд аркылуу теманы, теманын максатын жана окуучулар сабактын аягында эмнеге ээ бол тургандыгын окуучуларга түшүндүрөт. *(эгерде тема боюнча түзүлгөн слайд болгон шартта)* | Окуучулар теманы жазышат. Бүгүнкү сабакта кандай ишмердүүлүк жүргүзүп эмнеге жетише тургандыктарын билдиришет. | **2 мин** |
| | Мугалимдин түшүндүрмөсү:<br>Балдар Христиан дини - ислам жана буддизм диндери сыяктуу эле дүйнөлүк бир кудайга сыйынуу диндеринин бири. "Христианчылык" гректердин "христос" сөзүнөн келип чыгып, ага сыйынуучу дегенди билдирет.<br>Христианчылыктын дүйнөлүк тарыхка тийгизген таасири өтө жогору болгондуктан анын негиздөөчүсүнүн төрөлүүсүнөн тарта жаңы дүйнөлүк эра (жылдык санак) башталган. Азыркы мезгилде христиан дини - дүйнөлүк эң ири диндердин бири, аны жактоочулардын саны болжол менен 2,2 миллиардга жакын. | Окуучулар мугалимдин түшүндүрмөсүн кунт кою менен угат жана керектүү маалыматты жазып алат. | **3 мин** |
| **Окуучулардын көндүмдөрүн калыптандыруу.**<br>**Окуй билүүгө жана өз ойлорун** | Мугалим балдардан окуу китебин ачуу жана биринчи кичи теманы окууну сунуштайт. Бирок балдар окуунун алдында төмөнкү белгилерди билиши кетек. | Окуучулар китепти ачып 1-кичи теманы окушат. Окуп жатып доскада илинип турган белгилерди карайт жана окуп жатып кара карандаш менен белгилерди коёт. | **3 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **эркин билдирүүгө үйрөтүү.** | Окууну “Инсерт” ыкмасы менен аткаруу<br>«✓» - (ооба), эгер сиз окуп жатканга, билгениңиз туура келген учурда коюлат.<br>«+» - (кошуу), эгер окуп жатканыңыз Сиз үчүн жаңы болсо коюлат.<br>«?» - (суроо), эгер информация кошумча маалыматтарды талап кылса же түшүнүксүз болсо коюлат. | | |
| **Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо, баалоо.** | Окуучулар окуп жатканда мугалим доскага төмөнкү таблицаны чиет. Окуучулар окуп бүтүп койгон белгилери аркылуу сүйлөмдөрдү таблицага жайгаштыруу керектигин айтат. (маркировкалоо)<br>✓ \| + \| ?<br>*(түшүнүү, ой жүгүртүү этабына туура келет)* | Окуучулар белги коюп окугандарын маркировкалайт.<br>✓ \| + \| ?<br>Христиан дини б.з.1 к. пайда болгон. \| Христиан динин калыптанышына антикалык философия чоң таасир тийгизеген. \| Эмне үчүн Римде куугунтукталган? | **10 мин.** |
| **Бышыктоо.** | Мугалим ар бир баланын таблицаны бир эки сүйлөм менен толтурганын байкап жана окуп берүүлөрүн өтүнөт.<br>Андан кийин мугалим окуучуларды 3 топко бөлөт.<br>1-топ: Православие,<br>2-топ: Католицизм,<br>3-топ: Протестанизм.<br>Темаларын окушат жана презентациялоого даярданышат. | Окуучулар өз каалоолору менен окуйт. Суроолорду мугалим менен бирдикте чечмелешет.<br><br>Окуучулар топтордо иштешет. Ар бир топ белгилүү убакыттан кийин темаларын презентациялашат. | **10 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Рефлексия жана жыйынтыктоо жана Үй тапшырмасы:** | Мугалим окуучулардан бүгүнкү теманы өздөштүрүүдө кандай иштөө болду жана ал канчалык таасирдүү болгонун сурамжылоо.<br>Мугалим окуучуларга максатка кайрылууга чакырат жана бүгүнкү сабакта эмнеге жетишкендиктери жөнүндө суроо менен окуучулар өздөрү бул теманы жыйынтыктоосуна көмөк көрсөтөт.<br>Үйгө тапшырма: Христиан дини Борбордук Азия жана Кыргызстанда болгондугун далилдеген маалыматтарды жазып келүү. | Окуучулар өтүлгөн темалардан эмнеге ээ болгонун баяндап беришет.<br>Окуучулар үй тапшырмаларын дептерлерие жазып алышат. | **4 мин** |